УДК: 37.01:004.9(575)(04)

АБЫЛКАСЫМОВА Р.Т., УЗЕКЕЕВА Ж.Ш., КУРМАНКОЖОЕВА Д.К.
Ж.Баласагын атындагы КУУ
ABYLKASYMOVA R., UZEKEEVA ZH., KURMANKOJOEVA D.
KNU named after J. Balasagyn
Bishkek, Kyrgyzstan

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУДА МУЛЬТИМЕДИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ

Использование мультимедийных технологий в обучении государственному языку

The use of multimedia technologies in teaching the state language

Аннотация. *Макалада окуу процессинде мультимедиялык технологияларды колдонуунун актуалдуулугу, Miro виртуалдык тактасын, Educaplay онлайн ресурсун мамлекеттик тил сабактарында колдонуу мүмкүнчүлүктөрү талкууланат. Кыргыз тилин окутуу процессинде студенттердин лексикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн интерактивдүү тапшырмалардын, оюндардын орду талданат.*

Урунттуу сөздөр*: мамлекеттик тил; виртуалдык такта; мультимедиа технологиялары; онлайн сервис; Miro тактасы; Educaplay онлайн ресурсу; оюн түзүү; шаблондор.*

Аннотация*. В статье рассматривается актуальность использования мультимедийных технологий в учебном процессе, раскрываются возможности использования виртуальной доски Miro, использование онлайн ресурса Educaplay на уроках государственного языка. В процессе обучения кыргызскому языку анализируются места интерактивных заданий, игр для развития лексических навыков студентов.*

Ключевые слова*: государственный язык; виртуальная доска; мультимедийные технологии; онлайн сервис; доска Miro; онлайн ресурс Educaplay; создание игр; шаблоны.*

Abstract. *The article examines the relevance of the use of multimedia technologies in the educational process, reveals the possibilities of using the Miro virtual whiteboard, the use of the Educaplay online resource in the lessons of the state language. In the process of teaching the Kyrgyz language, the places of interactive tasks and games for the development of students' lexical skills are analyzed.*

Key words*: state language; virtual whiteboard; multimedia technologies; online service; Miro board; Educaplay online resource; game creation; templates.*

Билим берүү, өндүрүш, саламаттыкты сактоо жана адам ишмердүүлүгүнүн башка чөйрөлөрүн бүгүнкү күндө маалыматтык технологияларсыз элестетүү мүмкүн эмес. Маалыматтык жана Интернет-технологиялардын өнүгүшү адамзаттын жашоосунун бардык чөйрөсүнө күнүгө өзгөрүүлөрдү киргизүүдө. Бүгүн жаңы деп эсептелген технологиялар эртең эле эски болуп калып жатат. Мындай шартта адамдын ишмердүүлүгүнүн ар бир чөйрөсү четте «байкоочу» катары гана карап турбашы керек, мезгил менен бирге аракеттенүү зарыл. Маалыматтык технологиялардын жардамы менен түзүлгөн мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдалануу, ошондой эле маалыматтын бир булагы катары интернетти пайдалануу боюнча сабаттуулукту арттыруу максатка ылайык.

Санариптик билим берүү же санариптик сабаттуулук көп маселелерди (көйгөйлөрдү) чечүүгө негиз болушу мүмкүн. [4.6-бет.].

Америкалык «21-кылымдын көндүмдөрүн колдоо боюнча өнөктөштүк» (The Partnership for 21st Century Skills) уюму сунуш кылган көндүмдөрдүн ичинен санариптик, маалыматтык сабаттуулук өнүктүрүлүшү керек болгон биринчи жана негизги сапат катары каралат [7]. Ушуга байланыштуу келечек сөзсүз түрдө бүгүнкү мугалимдерден маалыматтык технологиялар боюнча билимдерди талап кылары ачык эле көрүнүп турат.

Окутуучулар мамлекеттик тилди окутууда маалыматтык технологияларды кантип колдонууга боло тургандыгын, алардын артыкчылыктары жана кемчиликтери жөнүндө так түшүнүүнү жана аларды салттуу окутуу ыкмалары менен айкалыштыруу боюнча жалпы билимге ээ болушу керек. Туура тандалган жана реалдуу колдонулган заманбап маалыматтык технологиялар мамлекеттик тилди окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат.

Мамлекеттик тилди жогорку окуу жайларында окутууда Miro виртуалдык тактасын колдонууга токтолсок. Miro онлайн тактасы – каалаган убакта, каалаган жерде командаларды бириктирүү үчүн онлайн тактадагы кызматташуу платформасы.

Miro онлайн тактасы (мурунку RealimeBoard) орусиялык Андрей Хусид тарабынан негизделген жана билим берүү тармагында жана андан тышкаркы жерлерде аралыктан кызматташуу үчүн эң заманбап инструменттердин бири болуп саналат. Алгач, Miro онлайн тактасы кеңешмелерде, пландаштырылган жолугушууларда жана башка ар кандай бизнес иш-чараларда материалдарды демонстрациялоо үчүн иштелип чыккан. Бирок азыр Miro онлайн тактасы – оюндун элементтери жана көп сандагы инструменттер менен онлайн окутууну уюштуруу үчүн эң күчтүү мүмкүнчүлүктөр менен жабдылды. Miro онлайн тактасы – Интернет тармагы аркылуу жеткиликтүү интерактивдүү мейкиндик, демек, биз файлдарды чексиз санда тиркей алабыз.

Miro онлайн тактасынын негизги ыңгайлуулуктардын бири – программаны компьютерге, смартфондорго орнотуунун же жүктөп алуунун кажети жок. Болгону сайтка катталуу керек (окутуучу дагы, студенттер дагы), андан кийин окутуучу өзүнүн онлайн тактасынын шилтемесин студенттер менен бөлүшөт. Miro платформасы аралыктан биргелешип иштөө үчүн иштелип чыккан жана чоң көлөмдөгү маалыматтарды батыра алат.

Бул онлайн такта ар кандай функцияларды жана инструменттерди колдонууну камтыйт: калем жана өчүргүч менен иштөө, сүрөттөрдү кошуу (белгилей кетсек, Miro картинкаларды жана фото сүрөттөрдү тез издөөгө ээ), түстүү стикерлер, ошондой эле документтерди, окуу куралдарын (толугу менен) же китептердин, видеолордун үзүндүлөрүн тиркөө; ар кандай схемаларды, таблицаларды, менталдык карталарды түзүү; текст, комментарий жазуу; чатта баарлашуу; тактаны PDF форматына экспорттоо.

Miro интерактивдүү тактасы көптөгөн идеяларды визуалдаштырууга гана мүмкүндүк бербестен, бүтүндөй бир сабакты өткөрүү үчүн негиз боло алат. Бул сервистин жардамы менен сабактар үчүн ар түрдүү материалдарды түзүүгө жана классификациялоого, ар кандай лексикалык жана грамматикалык темаларды иштеп чыгууга жана түшүндүрүүгө, мээге чабуул жана долбоордук ишти уюштурууга болот. Miro тактасы интерактивдүү окуутууга альтернатива боло алат.

Miro интерактивдүү тактасында интеллект карта менен иштөө. Акыл (интеллект) карта, менталдык карта, байланыш диаграммасы, ойлор картасы (англис тилинде - mind map) – бул метод ар кандай аталып келет. Интеллект карта – маалыматты кабыл алуу,

иштетүү жана эстеп калуу процесстерин графикалык, визуалдык чагылдыруу ыкмасы, эс тутумду жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн куралы. Мындай диаграмма борбордук идеянын, концепциянын, теманын же көйгөйдүн айланасында түзүлөт, андан «бутактар» бири-бирине байланыштуу идеялар менен таралат. Мындай карталарды түзүү абдан жөнөкөй, эң башкысы негизги принциптерди кармануу: Эң маанилүүсүн ортого жазыңыз. Бул сиздин ой картаңыздын аты же негизги идеяңыздын аталышы болушу мүмкүн; Ар бир пунктту бир темага арнаңыз, темаларды кичинекей подтемаларга бөлүңүз; Түшүнүктүү болуш үчүн пункттарды номерлеңиз; Mindmap интеллект картасында ойлоруңузду иретке келтириңиз; Картаңызда ар кандай түстөрдү, символдорду, эмодзилерди колдонуңуз; Чыгармачылыгыңызды максималдуу түрдө көрсөтүңүз; Оюңузга жакшы идея келсе, бирден картага түшүрүңүз. Эгер бош орун калбаса, жаңы барак баштоонун кажети жок, картанын четине кошумча барак улап кетүүгө болот.

Негизги тема бир нече ойду камтуу керек, алардын саны канча болорун сызыктар жана белгилер аркылуу чагылдыруу керек. Кыска убакыттын ичинде Сиздин картаңыз кооз формага ээ болот. Эгерде картаңыз бир нече пунктка бөлүнүп, сызыктардын саны көбөйүп, чачыранды болсо, тынчсыздануунун кажети жок. Анткени Mindmap – бул сиздин ой жүгүртүүңүздүн жемиши.

Интеллект-карталардың түрлөрү ар түрдүү. Алар графиктер, диаграммалар, дарак түрүндө да, уюштуруу структурасы түрүндө да болушу мүмкүн. Ал тургай, бул чиймелерди кол менен тартып, чыгармачыл менен аткарууга да болот.

Educaplay – интерактивдүү көнүгүүлөрдү түзүү сервиси. Educaplay окутуучуга интерактивдүү карталарды, ребустарды, кроссворддорду, викториналарды, пазлдарды, тесттерди, табышмактар менен тапшырмаларды, интерактивдүү жат жазууларды жана башкаларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ресурстагы тапшырмаларды шилтемени жиберип онлайн аткарууга, ошондой эле PDF файл түрүндө жүктөп алып А4 баракка чыгарып иштетсек да болот.

Educaplay сервисинде «Собери столбцы» интерактивдүү тапшырмасы. Бул тапшырманын максаты – бир тилкедеги элементти экинчи тилкедеги жупка дал келтирүү. Ар бир элемент текст, сүрөт же үн болушу мүмкүн. Тапшырманын татаалдыгын ага убакыт чегин коюу жана колдонуучуга уруксат берилген каталардын санын өзгөртүү менен тууралай алабыз.

Жогоруда айтып өткөн сервистердин жардамы менен түзүлгөн тапшырмалардын бирине токтоло кетсек.



Сүрөт 1.

Сүрөт 2.

Educaplay сервисиндеги интерактивдүү тапшырмаларга убакыт чегин койсоңуз, ар бир жуп үчүн жок дегенде 15 секундду эсептешиңиз керек, ошондой эле тапшырманы аткаруу үчүн аракеттердин санын (количество попыток) 1ден 3кө чейин коюуну сунуштайбыз. Эгерде сиз билимди баалоону кааласаңыз, бир гана аракетти колдонсоңуз болот.

«Сөз издөө» тапшырмасы. Бул тапшырмада торчолордогу тамгалардын арасынан жашыруун сөздөрдү таап, аларды белгилешет.



Сүрөт 3.

Мамлекеттик тилди окутууда мультимедиялык технологияларды колдонууда:

- ой жүгүртүүнүн алгоритмдик стили өнүгөт, оптималдуу чечим кабыл алуу жөндөмү;
- маалымат менен өз алдынча жана топ менен иштей билүүсү;
- өз алдынча жаңы билимдерди алууга жөндөмдүүлүгү;
- студенттердин сабакка кызыгуусу жана активдүүлүгү кескин жогорулайт;

Студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн окутуучу билим берүүнүн ар кандай формаларынын зарыл арсеналына ээ болушу керек. Интерактивдүү жана мультимедиялык технологияларды колдонуу ар бир студентти активдүү окуу ишмердүүлүгүнө тартууга жардам берет. Салттуу ыкмалар менен катар онлайн интерактивдүү оюндарды билим берүү процессинде колдонуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат жана мамлекеттик тилди үйрөнүүгө оң түрткү берет.

Колдонулган адабияттар:

1. Ж. С. Байтерекова, И. А. Краева, Т. С. Сорокина, Г. М. Фролова, Т. И. Грибанова Кыргызский язык для стран СНГ. Учебник. Москва ИПК МГЛУ «РЕМА» 2012-ж.
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү системасына санариптик билим берүүнү киргизүү боюнча методикалык колдонмо. –Б.: 2020.
3. Мешкова Г.А. Игровые технологии как средство обучения иностранному языку // Modern Science. 2019. № 11-3. 252-254-б.
4. Полат Е.С. К проблеме определения эффективности дистанционной формы обучения // URL:https://cyberleninka.ru/article/n/kprobleme-opredeleniya-effektivnosti-distantsionnoy-formy-obucheniya/viewer. Кайрылган күнү: 06.03.2022

Цифровая грамотность – главный навык в реалиях XXI века. https://un-sci.com/ru/2020/11/09/czifrovaya-gramotnost-glavnyj-navyk-v-realiyah-xxi-veka/